Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы жөнүндө
2022-жылдын II чейреги үчүн

# ОТЧЕТ

## 1. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2022-жылдын II чейрегинде 96,4 пайызды түзүп, 2021-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 2,2 пайызга азайган (2021-жылдын II чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 98,6 пайызды түзгөн).

**1-таблица. Нак акчанын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы** *(млн сом)*

| Региондун аталышы | Келип түшүүлөр | | Берүүлөр | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2021-жылдын II чейреги | 2022-жылдын II чейреги | 2021-жылдын II чейреги | 2022-жылдын II чейреги | 2021-жылдын II чейреги | 2022-жылдын II чейреги |
| **Бардыгы болуп:** | **714 149,2** | **815 260,4** | **724 573,9** | **845 615,5** | **98,6** | **96,4** |
| Бишкек ш. | 390 132,2 | 439 802,9 | 388 231,9 | 451 249,2 | 100,5 | 97,5 |
| Ош ш. | 83 323,0 | 88 725,6 | 86 349,7 | 94 798,3 | 96,5 | 93,6 |
| Чүй областы | 44 061,9 | 60 863,3 | 44 001,7 | 60 800,9 | 100,1 | 100,1 |
| Ысык-Көл областы | 33 229,5 | 39 909,3 | 34 750,9 | 41 900,6 | 95,6 | 95,2 |
| Талас областы | 16 614,6 | 17 422,8 | 17 813,3 | 19 001,3 | 93,3 | 91,7 |
| Нарын областы | 14 202,1 | 19 149,0 | 15 258,0 | 20 576,5 | 93,1 | 93,1 |
| Ош областы | 28 027,2 | 31 085,4 | 28 127,0 | 30 949,9 | 99,6 | 100,4 |
| Жалал-Абад областы | 74 632,0 | 82 712,1 | 80 065,7 | 90 890,6 | 93,2 | 91,0 |
| Баткен областы | 29 926,7 | 35 590,0 | 29 975,7 | 35 448,2 | 99,8 | 100,4 |

2021-жылдын II чейрегине салыштырганда 2022-жылдын II чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу төмөнкү региондордо өскөн:

- Ош областы боюнча – 0,8 пайызга;
- Баткен областы боюнча- 0,6 пайызга.



**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**

2022-жылдын II чейреги ичинде нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогору көрсөткүчү Ош жана Баткен областы боюнча 100,4 пайыз чегинде катталган. Ал эми нак акчанын кайтарымдуулугу боюнча кыйла төмөн көрсөткүч Жалал- Абад областы боюнча – 91,0 пайыз белгиленген.

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына түшүүсү отчеттук мезгил ичинде 815 260,5 млн сомду түзүү менен 2021-жылдын II чейрегине салыштырганда 14,2 пайызга көбөйгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына негизги булактар боюнча нак акчанын түшүүсү төмөнкүнү түзгөн:

- коммерциялык банктын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 294 510,1 млн сомду, азаюу 8,0 пайызды түзгөн (2021-жылдын II чейрегинде – 320 041,6 млн сом);
- товарларды сатып өткөрүүдөн – 32 864,7 млн сомду, көбөйүү 9,1 пайызды (2021-жылдын II чейрегинде – 30 117,8 млн сомду) түзгөн;
- банкоматтарды жана төлөм терминалдарын инкассациялоодон – 199 379,8 млн сом, көбөйүү 47,0 пайыз (2021-жылдын II чейрегинде – 135 638,9 млн сом) чегинде катталган;

- локалдык акча которууларды жүзөгө ашыруудан – 51 190,3 млн сомду, көбөйүү 21,6 пайызды (2021-жылдын II чейрегинде – 42 081,8 млн сом) түзгөн;

- кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан жана аткарылган иштерден – 68 563,6 млн сомду, көбөйүү 51,0 пайызды (2021-жылдын II чейрегинде – 45 418,1 млн сомду) түзгөн;

- чет өлкө валютасын сатуудан – 50 131,9 млн сом, көбөйүү 23,9 пайызды (2021-жылдын II чейрегинде – 40 452,5 млн сом) чегинде катталган.

**2-график. 2021-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**3-график. 2022-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары(млн сом)**




Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2022-жылдын II чейрегинде 845 615,5 млн сомду түзүп, өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 16,7 пайызга көбөйгөн.

2022-жылдын II чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары:

- коммерциялык банктын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна берүү – 293 271,6 млн сомду түзүп, 8,3 пайызга азайган (2021-жылдын II чейрегинде – 319 755,4 млн сом);

- кызмат көрсөтүүлөргө жана аткарылган иштерге төлөө – 39 837,6 млн сомду түзүп, 59,0 пайызга көбөйгөн (2021-жылдын II чейрегинде – 25 054,7 млн сом);

- банкоматтарды толуктоо – 247 007,2 млн сомду, көбөйүү 43,9 пайызды (2021-жылдын II чейрегинде – 171 664,9 млн сомду) түзгөн;

- локалдык акча которууларга төлөө – 42 259,9 млн сомду, көбөйүү 16,5 пайызды (2021-жылдын II чейрегинде – 36 274,3 млн сомду) түзгөн;

- товарларга төлөө – 6 736,1 млн сом, көбөйүү 45,6 пайыз (2021-жылдын II чейрегинде – 4 625,4 млн сом) чегинде белгиленген;

- чет өлкө валютасын сатып алуу – 79 039,2 млн сомду түзүп, 20,7 пайызга көбөйгөн (2021-жылдын II чейрегинде – 65 464,0 млн сом);

- эмгек акыны төлөө – 1 024,0 млн сом, көбөйүү 0,4 пайыз (2021-жылдын II чейрегинде – 1 028,6 млн сом) чегинде катталган.

**4-график. 2021-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**5-график. 2022-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**



**2. Нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр түзүмү**

**2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн Пакеттик клиринг системасы (ПКС)**

2022-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча ПКС аркылуу төлөмдөрдүн көлөмү 58 763,2 млн сомду түзүү менен, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 0,4 пайызга көбөйгөн. Төлөмдөрдүн саны 1 917 543 төлөмдү түзгөн, бул 2021-жылдын II чейрегине салыштырганда 1,0 пайызга көбөйгөн.

**2.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)**

Гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2022-жылдын II чейрегинде 2 219 750,1 млн сомду түзгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 2,2 эсеге көбөйгөн. Бардыгы болуп ГСРРВ аркылуу 172 080 төлөм өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 22,4 пайызга өскөн.

**2-таблица. Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| Мезгили | ПКС | | ГСРРВ | | Жыйынтыгында | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2021-ж. II чейреги | 1 890 280 | 46 682,5 | 141 099 | 976 027,8 | 2 031 379 | 1 022 710,3 |
| 2022-ж. II чейреги | 1 917 543 | 58 763,2 | 172 080 | 2 219 750,1 | 2 089 623 | 2 278 513,3 |

**2.3. Банктык төлөм карттар рыногу**

**1) Банктык төлөм карттар эмиссиясы**

2022-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында «Элкарт» улуттук төлөм системасынын банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөр 21 коммерциялык банк тарабынан сунушталган, алардын ичинен эл аралык төлөм системасын14 банк гана тейлеген.

Жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттарынын жалпы саны 2022-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча 4 313,6 миң картты түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 23,1 пайызга өскөн.

Төлөм карттары түрлөрү боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлөт:

- **«Элкарт» улуттук системасы — 2 588 377 (60,0%):**
  - «Элкарт» — 2 585 596 (59,9%);
  - «Элкарт-UPI» — 2 781 (0,1%).
- **эл аралык системалар — 1 725 212 (40,0%):**
  - VISA — 1 538 893 (35,7%);
  - Master Card — 64 296 (1,5%);
  - «Золотая Корона» — 101 064 (2,3%);
  - Union Pay International — 20 959 (0,5%).

**3-таблица. Жүгүртүүдөгү карттардын областтар жана системалар боюнча саны**

| Региондун аталышы | Элкарт | Элкарт -UPI | UPI | Visa | Master Card | Золотая Корона | Жыйын-тыгында | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 1 081 288 | 38 011 | 26 476 | 740 221 | 18 037 | 2 129 | 1 906 162 | 44,2 |
| Чүй областы | 81 479 | 5 546 | 15 707 | 238 574 | 1 001 | 83 | 342 390 | 7,9 |
| Ысык-Көл областы | 68 003 | 2 927 | 6 594 | 219 653 | 873 | 73 | 298 123 | 6,9 |
| Нарын областы | 12 159 | 2 012 | 7 510 | 139 580 | 14 | 118 | 161 393 | 3,7 |
| Талас областы | 23 945 | 2 095 | 4 850 | 102 142 | 338 | 28 | 133 398 | 3,1 |
| Жалал-Абад областы | 108 348 | 5 858 | 17 608 | 444 501 | 303 | 111 | 576 729 | 13,4 |
| Ош областы | 129 573 | 6 444 | 13 274 | 477 005 | 326 | 218 | 626 840 | 14,5 |
| Баткен областы | 34 098 | 1 403 | 9 045 | 223 920 | 67 | 21 | 268 554 | 6,2 |
| **Жыйынтыгында** | **1 538 893** | **64 296** | **101 064** | **2 585 596** | **20 959** | **2 781** | **4 313 589** | **100** |

Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдары/сактык кассалары, финансылык ресурстар ж.б. эң көп топтолгон деп мүнөздөлөт, ага ылайык, төлөм кызмат

көрсөтүүлөр рыногу кыйла өнүккөн. Алсак, 2022-жылдын II чейреги ичинде карттарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндөгү көбүрөөк үлүш Бишкек шаары боюнча 49,5 пайызды түзгөн. Ал эми кыйла төмөн көрсөткүч Талас областында – 3,0 пайыз чегинде катталган.

2022-жылдын II чейрегинде карттарды колдонуу менен эсептешүүлөр системалары боюнча коммерциялык банктардын банктык эсептериндеги депозиттик базанын калдыктарынын көлөмү 45,8 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 23,3 пайызды түзгөн.

**6-график. 2022-ж. 1-июлуна карата областтар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**




**7-график. 2022-ж. II чейреги үчүн карттарды колдонуу менен операциялардын областтар боюнча көлөмү жана саны (миң сом)**




**2) Банктык төлөм карттар эквайринги**

Отчеттук жылдын II чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттар, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм карты республиканын бүтүндөй аймагында орнотулган 1 951 банкоматта (анын ичинен «сокур терүү» баскычы менен (5-саны томпок) 1951 даанасы жабдылган, аудио (үн) менен коштолгон (операцияларды коштоо) 9 даана жана пандус орнотулган 975 даана (667 жабдууга пандус орнотуунун зарылдыгы жок, 309 жабдуунун пандусу жок)), 15 005 POS-терминалда (анын ичинен «сокур терүү» баскычы менен (5-саны томпок) 14 247 даанасы жана байланышсыз төлөм функциясы менен 11 525 даанасы жабдылган) тейлөөгө алынган. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын өсүшү 4,5 пайызды түзгөн же 84 банкоматка көбөйгөн, ал эми POS-терминалдар 23,7 пайызга же 2 878 POS-терминалга көп.

Банктык төлөм карттарын колдонуу менен эл аралык эсептешүүлөр төлөм системасын тейлеген POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны төмөнкүлөрдү түзгөн:

- VISA жана MasterCard эл аралык системалары – 798 банкомат жана 7 452 POS-терминал;
- «Золотая корона» эл аралык системасы – 224 банкомат жана 1 250 POS-терминал;
- UPI эл аралык системасы – 393 банкомат жана 2 577 POS-терминал.

**4-таблица. Аралыкта орнотулган жабдуулардын областтар боюнча саны** *(даана)*

| Региондун аталышы | Банкоматтар | POS-терминалдар | | Төлөм терминалдары |
|---|---|---|---|---|
| | | Соода-тейлөө ишканаларында | Банктарда | |
| Бишкек ш. | 735 | 8784 | 739 | 611 |
| Чүй областы | 193 | 1097 | 223 | 223 |
| Ысык-Көл областы | 192 | 878 | 223 | 278 |
| Нарын областы | 82 | 153 | 147 | 107 |
| Талас областы | 73 | 241 | 91 | 125 |
| Жалал-Абад областы | 253 | 499 | 332 | 313 |
| Ош областы | 314 | 874 | 424 | 438 |
| Баткен областы | 109 | 140 | 160 | 151 |
| **Жыйынтыгында:** | **1 951** | **12 666** | **2 339** | **2 246** |

**3) Банктык төлөм карттарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы**

Отчеттук жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча карттарды колдонуу менен 30,8 млн транзакция 120,1 млрд сом жалпы суммасында өткөрүлгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 50,3 жана 23,9 пайызга көбөйгөн). Алардын ичинен:

- акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча операциялардын саны 103,2 млрд сом жалпы суммасында 17,3 млн транзакцияны түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 31,6 пайызга, көлөмү 15,8 пайызга көбөйгөн;
- соода-тейлөө ишканаларында POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын саны 16,9 млрд сом жалпы суммасында 13,5 млн транзакцияны түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 83,7 пайызга, ал эми көлөмү 2,2 эсе көбөйгөн.

## 2.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр

Катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү отчеттук чейректе SWIFT, «Банк-Кардар», «Е-Кардар» ж.б. системаларын колдонуу менен өткөрүлгөн. Көбүнчө банктар чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын колдонушкан.

2022-жылдын II чейреги ичинде эл аралык төлөмдөр валютанын 12 түрү боюнча өткөрүлгөн. Кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 925,4млрд сомду түзүп, өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 23,2 пайызга көбөйгөн.

Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 1078,0 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 25,6 пайызга өскөн.

## 2.5. Акча которуулар

Акча которуулар эл аралык жана локалдык акча которуу системалары боюнча жүзөгө ашырылган. 2022-жылдын II чейреги ичинде эл аралык акча которуу системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 81,8 млрд сом жалпы суммасында 2 841,4 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 14,8 пайызга азайган, ал эми көлөмү 24,6 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулардын саны 27,6 млрд сом жалпы суммасында 251,7 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 4,3 пайызга, көлөмү 1,8 эсеге көбөйгөн.

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына – кирген которуулардын жалпы көлөмүнүн 41,1 пайызы жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүнүн 65,9 пайызы туура келген.

**8-график. 2022-жылдын II чейреги ичинде областтар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)**




**9-график. 2022-жылдын II чейреги ичинде областтар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)**



2022-жылдын II чейреги ичинде Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары тарабынан финансылык которууларды камсыз кылуу бөлүгү боюнча Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелеринин талаптары сакталган.

Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын төрт түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

**1) АКШ долларында акча которуулар**

2022-жылдын II чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 289,9 млн АКШ доллары суммасында 394,6 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 20,5 жана 10,3 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулардын саны 154,1 млн АКШ доллары суммасында 103,8 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 13,0 пайызга азайган, ал эми анын көлөмү 33,1 пайызга көбөйгөн.

**2) Евро валютасында акча которуулар**

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 26,9 миң кирген которуулар 59,4 млн евро жалпы суммасында өткөрүлгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 11,8 пайызга, көлөмү 7,4 эсеге көбөйгөн. Чыккан которуулардын саны 0,5 миң транзакцияны түзүү менен 2,1 млн евро жалпы суммасында жүргүзүлгөн, мында өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 71,6 жана 12,6 пайызга азайган.

**3) Орус рублинде акча которуулар**

Отчеттук мезгил ичинде 2 419,9 миң кирген которуу 36 705,7 млн рубль суммасында өткөрүлгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша 18,0 жана 3,1 пайызга азайган, Чыккан которуулар боюнча 145,8 миң транзакция 10 311,4 млн рубль суммасында ишке ашырылган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 22,3 пайызга, көлөмү 2,5 эсеге көбөйгөн .

**4) Казак теңгесинде акча которуулар**

2022-жылдын II чейрегинде жалпы суммасында 0,4 млн теңгени түзгөн 3 кирген которуу болгон, өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде бул валютада кирген которуулар болгон эмес. Чыккан которуулар 271,4 млн теңге жалпы суммасында 1,5 миң транзакцияны түзгөн, көрсөткүчтөр өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 2,3 жана 1,9 эсеге көбөйгөн.

**5-таблица. Акча которуу системалары боюнча акча которуулар**

| **Акча которуу системалары** | | **2021-ж. I ч.** | | **2022-ж. I ч.** | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны, миң бирдик менен** | **Көлөмү, млн сом** | **Саны, миң бирдик менен** | **Көлөмү, млн сом** |
| Western Union | Кирген | 1527,1 | 21983,6 | 58,4 | 1825,7 |
| | Чыккан | 8,6 | 629,9 | 10,4 | 748,2 |
| Contact | Кирген | 83,8 | 3423,3 | 93,1 | 5758,9 |
| | Чыккан | 16,2 | 969,3 | 18,4 | 1924,5 |
| Money Gram | Кирген | 31,6 | 1658,2 | 33,7 | 1543,3 |
| | Чыккан | 1,4 | 107,9 | 2,2 | 224,0 |
| Юнистрим | Кирген | 45,5 | 1790,6 | 49,8 | 2198,6 |
| | Чыккан | 2,0 | 309,3 | 1,6 | 418,2 |
| Золотая Корона | Кирген | 1638,8 | 36502,1 | 2590,7 | 64771,0 |
| | Чыккан | 212,8 | 12912,6 | 216,9 | 23099,1 |
| RIA | Кирген | 7,2 | 286,1 | 13,4 | 4672,0 |
| | Чыккан | 0,2 | 14,0 | 0,4 | 220,0 |
| UPT | Кирген | 0,0 | 0,8 | 2,2 | 1011,9 |
| | Чыккан | 0,0 | 0,0 | 1,92 | 936,4 |
| **Жыйынтыгында системалар боюнча** | **Кирген** | **3333,9** | **65644,6** | **2841,4** | **81781,4** |
| | **Чыккан** | **1527,1** | **21983,6** | **58,4** | **1825,7** |

## 2.6. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары

2022-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча 22 юридикалык жак Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) лицензиясына ээ болгон, анын ичинен 21 лицензия – төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 22 лицензия – төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна берилген.

2022-жылдын II чейрегинде төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу 41,1 млрд сом жалпы суммасында 44,1 млн транзакция өткөрүлгөн.

Бардык төлөмдөрдүн негизги үлүшү банк эсебин толуктоого туура келген – 10,9 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 26,74 пайыз), бул төлөмдөрдүн саны 2,9 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 6,6 пайызы) түзгөн.

Мобилдик байланыш операторлорунун пайдасына туура келген төлөмдөрдүн көлөмү – 8,4 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 20,44 пайыз), бул төлөмдөрдүн саны 28,9 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 65,47 пайызы) түзгөн.

Товарлардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик жана коммуналдык сунуштоочуларынын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга төлөө, салык жыйымдары, жолдо жүрүү эрежелерин бузгандыгы үчүн айыптык төлөмдөр, мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр) 1,8 млрд сомду (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 4,34 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 2,9 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 6,52 пайызы) түзгөн.

Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 6,5 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 15,80 пайыз), бул толуктоонун саны 3,1 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 6,93 пайызы) түзгөн.

**6-таблица. Төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү:**

| № | Төлөмдүн түрү | Саны *(бирдик)* | Үлүшү *(%)* | Көлөмү *(миң сом)* | Үлүшү *(%)* |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик уюлдук байланышы | 28 886 998 | 65,47 | 8 389 996,8 | 20,44 |
| 2 | Белгиленген телефон байланышы | 39 079 | 0,089 | 9 536,6 | 0,023 |
| 3 | Интернет | 591 617 | 1,34 | 517 466,8 | 1,26 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 2 687 684 | 6,09 | 1 625 877,2 | 3,96 |
| 5 | Салык жыйымдары | 10 723 | 0,02 | 20 183,2 | 0,05 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айыптык төлөмдөр | 67 473 | 0,15 | 46 029,5 | 0,11 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 109 313 | 0,25 | 89 747,8 | 0,22 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 2 913 474 | 6,60 | 10 975 103,2 | 26,74 |
| 9 | ФКУнун кредити үчүн төлөө | 501 384 | 1,14 | 1 892 128,8 | 4,61 |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 1 770 843 | 4,01 | 7 221 305,5 | 17,59 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 3 057 078 | 6,93 | 6 485 869,8 | 15,80 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 154 789 | 0,35 | 254 351,4 | 0,62 |
| 13 | Социалдык тармактар | 2 562 | 0,006 | 644,2 | 0,002 |
| 14 | Интернет оюндары | 19 476 | 0,04 | 7 641,0 | 0,019 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелерде эсепти толуктоо | 96 346 | 0,22 | 93 346,5 | 0,23 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 1 604 690 | 3,64 | 214 177,4 | 0,52 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 71 341 | 0,16 | 28 800,6 | 0,07 |
| 18 | Кулактандыруулар | 40 776 | 0,092 | 24 574,9 | 0,06 |
| 19 | Кайрымдуулук | 2 811 | 0,006 | 648,1 | 0,002 |
| 20 | Билим берүү | 45 099 | 0,10 | 130 155,9 | 0,32 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 5 904 | 0,013 | 31 988,9 | 0,08 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 1 445 736 | 3,28 | 2 991 137,3 | 7,29 |
| **2022-жылдын II чейрегинин жыйынтыгында** | | **44 125 196** | **100,00** | **41 050 711,3** | **100,00** |



**10-график. Төлөмдөрдүн саны, %**



**11-график. Төлөмдөрдүн көлөмү, %**

Төлөм уюмдарынын иши автоматташтырылган өз алдынча тейлөө терминалдары (cash-in), агенттик тармак (анын ичинде агенттердин мобилдик тиркемелери аркылуу) жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген.

Отчеттук мезгилдин II чейрегинин акырына карата абал боюнча төлөм уюмдарынын жана алардын агенттеринин төлөм терминалдарынын саны 2021-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 1,15 эсе көбөйүп, 10 395 бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

## 2.7. Электрондук акча

2022-жылдын II чейрегинин акырына карата 6 (алты) коммерциялык банк электрондук акчанын эмитенти болуп саналган жана электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча 9 локалдык система иш алып барган. Алардын ичинен бир система 2019-жылдын II чейрегинен тартып чектелген функционал менен (электрондук акчанын ордун жабуу (нак акчага айландыруу) гана жүзөгө ашырылган) жана дагы бир система 2021-жылдын III чейрегинен тартып атайын жөнгө салуучу режимде ишин жүргүзгөн.

Өткөн мезгилге салыштырганда электрондук акча боюнча көрсөткүчтөрдүн өсүшү байкалган, бул аларды колдонуунун жөнөкөйлүгү менен ыңгайлуулугуна байланыштуу болгон. Алсак, электрондук капчыктардын жалпы саны 5,1 млн капчыкты түзүү менен, 5,4 пайызга көбөйүшү белгиленген (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүч 22,1 пайызга жогорулаган). Алардын ичинен идентификацияланган электрондук капчыктардын саны 1,6 млн (бардык электрондук капчыктардын жалпы санынын 31,9 пайызы) түзгөн.

**12-график. Электрондук капчыктардын санынын динамикасы (млн бирдик)**




2021-жылдын ушул мезгилине салыштырганда отчеттук мезгил ичинде:

- электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуу операцияларынын көлөмү 70,6 пайызга көбөйүп, 4,9 млрд сомду түзгөн, мында акча каражаттарын которуулардын саны 1,5 млн операцияны түзүү менен 1,3 пайызга азайган;

**13-график. Электрондук акчалар менен транзакциялардын саны жана көлөмү**



- электрондук акчанын ордун жабуу боюнча операциялардын көлөмү 42,2 пайызга азайып, 4,0 млрд жакын сомду түзгөн. Мында операциялардын саны 31,6 пайызга азайып, 1,0 млн жакын операцияны түзгөн;

- отчеттук мезгилде товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө боюнча операциялардын көлөмү 2,3 эсе көбөйүп, 5 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны 4,5 пайызга көбөйүп, 3,7 млн операция чегинде катталган;

- электрондук капчыкты толуктоо жолу менен электрондук акчаларды таратуу боюнча операциялардын көлөмү 20,2 пайызга азайып, 7,5 млрд сомду түзгөн. Мында операциялардын саны 12,8 пайызга көбөйүп, 2,2 млн операцияны түзгөн.

**2.8. Банктык чекене агенттер**

Агенттерди ишке тартуу коммерциялык банктарга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, кредиттердин ордун жабуу, банктык эсепти толуктоо, банктык карттардан нак акча каражатын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүүгө шарт түзөт.

2022-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны:

- кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган 104 агентти түзгөн. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда агенттердин саны 23 агентке же 28,4 пайызга көбөйгөн. Бир нече банк тарабынан 80 соода-тейлөө ишканасынын кассаларында акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча долбоор ишке ашырылууда;

- кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн сунуштаган 2017 агентти түзгөн. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда бул агенттердин 344 агентке же 20,6 пайызга көбөйгөн.

**3. Методологиялык иш**

1) Төлөм системасы боюнча ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 27-апрелиндеги № 2022-П-14/27-3-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому менен «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жана «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин жөнгө салуу жөнүндө» жоболорго өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилди.

2) Төлөм системасы боюнча ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 20-апрелиндеги № 2022-П-14/25-3-(ПС)-токтому менен «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы бекитилди.

3) 2022-жылдын 20-апрелинде кабыл алынган № 2022-П-14/25-3-(ПС) «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомго ылайык келтирүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтом долбоору иштелип чыгып коомдук талкууга сунушталды. Бул токтомдун алкагында төмөнкүлөргө өзгөртүүлөр киргизилет:

- 2015-жылдын 9-декабрындагы № 76/8 «Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө» жобого;

- 2010-жылдын 26-майындагы № 36/7 «Банктык чекене кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо боюнча агенттик келишимдерди түзүүдө коммерциялык банктардын ишине карата коюлуучу негизги талаптар жөнүндө» жобого.

4) Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун камсыз кылуу, ички валюта рыногундагы кырдаалды турукташтыруу жана нак АКШ долларынын Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары агылып чыгышы боюнча алгылыксыз кесепеттерин

азайтуу максатында, Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелерине убактылуу өзгөртүүлөр киргизилди (Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 18-апрелиндеги № 2022-П-14/24-1-(ПС) токтому).

5) Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын аткаруу максатында:

- 2022-жылдын 25-майында Санарип сом концепциясы бекитилди;
- 2022-жылдын 2-июнунда Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын токтому менен «Кыргыз Республикасында ачык программалык интерфейстерди колдонуу менен финансылык платформалар (маркетплейс) аркылуу финансылык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктү жөнгө салуу жөнүндө» жобо бекитилди;
- 2022-жылдын 2-июнунда Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын токтому менен «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 11-декабрындагы № 2019-П-14/62-5-(ПС) «Эки өлчөмдүү штрих-код белгилерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөрдү өткөрүү эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр, QR коддорун колдонуу менен товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу боюнча банктык жана төлөм инфраструктурасын өнүктүрүү максатында, бирдиктүү төлөм мейкиндигин түзүү жана ага төлөм системасынын бардык катышуучуларын туташтыруу үчүн бекитилди.

*Эскертүү: Берилген маалыматтар коммерциялык банктар, төлөм уюмдары жана төлөм системаларынын операторлору тарабынан корректировкаланышы мүмкүндүгүнө байланыштуу өзгөрүшү ыктымал.*